**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ**

2024-жылдын 5-февралы Бишкек шаары

**№ 3**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы №8 "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

"Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесинин 4-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңеш жөнүндөгү Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму

**т о к т о м к ы л а т:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2022-жылдын 25-февралындагы "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Илимий-консультациялык кеңештин курамын бекитүү жөнүндө" №8-токтомунун 1-бөлүгүнө төмөндөгүдөй мазмундагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

Жазык-укук маселелери боюнча секциясынын:

1) 4-пунктундагы "4) **Карабеков Алмаз Маматбекович** - Бишкек шаардык сотунун судьясы" деген сөздөр төмөнкүдөй "4**) Осмонов Феликс Ой-Талбекович** - Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун судьясы" - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 5-пунктундагы "Бишкек шаардык сотунун судьясы" - деген сөздөр "Чүй облустук сотунун судьясы"- деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) 6-пунктундагы "Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун төрагасы" – деген сөздөр "Чүй облусунун Аламүдүн райондук сотунун судьясы" - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

4) 16-пунктундагы "16) **Жумашев Азамат Бейшенбаевич -** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жазык процесси жана прокурордук көзөмөл кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;" - деген сөздөр төмөнкүдөй "16) **Коомбаев Абдиш Абазович -** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин катчылыгынын начальниги, милициянын полковниги, юридика илимдеринин доктору, доцент" - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

5) 17-пунктундагы "17) **Кубатбекова Айнура Сатымбаевна** - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясынын жазык укугу кафедрасынын доценти, юридика илимдеринин кандидаты;" - деген сөздөр төмөнкүдөй "17) **Шамурзаев Таалайбек Турсунович** - Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин юридикалык факультетинин кылмыш-жаза процесси жана криминалистика кафедрасынын башчысы, юридика илимдеринин доктору, профессор;"- деген сөздөр менен алмаштырылсын.

Жарандык жана экономикалык укук маселелери боюнча секциясынын:

1) “Илимий-консультациялык кеңештин жарандык жана экономикалык укук маселелери боюнча секциясынын жетекчиси **Давлетов Айбек Абубакирович -** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары” - деген сөздөр төмөнкүдөй “Илимий-консультациялык кеңештин кеңештин жарандык жана экономикалык укук маселелери боюнча секциясынын жетекчиси **Камчыбеков Шералы Равшанбекович -** Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасынын орун басары ” - деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) 14-пунктундагы “14) **Темирбаев Азат Абдупаязович** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык, жарандык сот өндүрүшү жана соттун чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө башкармалыгынын, жарандык сот өндүрүш бөлүмүнүн прокурору.” - деген сөздөр төмөнкүдөй “14) **Иманалиева Айнура Курманбековна -** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Кылмыш, жарандык сот өндүрүшү жана соттун чечимдерин аткарылышын көзөмөлдөө Башкы башкармалыгынын, жарандык сот өндүрүшү бөлүмүнүн прокурору”- деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) төмөндөгүдөй мазмундагы 15-пункт менен толукталсын:
“15) **Давлетов Айбек Абубакирович** - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьясы;”.

Административдик укук маселелери боюнча секциясынын:

7-пунктундагы “7) **Рустамбаев Алишер Абдукаримович** - Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын жазык жана жарандык сот өндүрүшү башкармалыгынын жарандык сот өндүрүшү бөлүмүнүн прокурору” - деген сөздөр төмөнкүдөй “7). **Темирбаев Азат Абдупаязович -** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Кылмыш, жарандык сот өндүрүшү жана соттун чечимдерин аткарылышын көзөмөлдөө Башкы башкармалыгынын, жарандык сот өндүрүшү бөлүмүнүн улук прокурору.” - деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **З. Базарбеков**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т. Чаргынова**